**2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

**Аудитти өткөрүү үчүн негиз:** 2025-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук ишинин планы жана 2025-жылдын 13-майындагы №06-1/241 буйругу.

**Аудиттин субъектиси:** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – БШК), аймактык жана округдук шайлоо комиссиялары, БШКнын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору.

**Аудиттин максаты:** Аудиттин белгиленген критерийлерине бюджеттин аткарылышынын ылайык келүүсү.

**Аудиттин мезгили:** 01.01.2023-жылдан 31.12.2024- жылга чейин.

Аудиттин мезгилинде БШКнын кредиттерин тескөөчү болуп төмөндөгүлөр саналат:

- *биринчи кол коюу укугу менен*: 2021-жылдын 2-февралынан тартып 2025-жылдын 13-февралына чейин БШК төрагасы Н.К.Шайлдабекова, 2025-жылдын 14-февралынан тартып, азыркы учурга чейин БШКнын төрөгасы Т.У. Шайназаров

02.07.2021-жылдан тартып 2025-жылдын 10-февралына чейин БШК төрагасынын орун басары Т.У. Шайназаров.

- *экинчи кол коюу укугу менен:* бүткүл аудитордук мезгил ичинде пландаштыруу, эсеп жүргүзүү жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы Г.К. Дюшембаева.

**Аудиттин жооптуу тарабы жана субъектиси**

Бул аудиттин жооптуу тарабы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы болуп саналат.

**Аудиттин милдети**

Бюджетти аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын иши, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тийиштүү критерийлерге ылайык келүүсүнө байланыштуу өз алдынча чечимге келүү болуп саналат.

Аудит чечимдерди тастыктай турган жетиштүү түрдөгү тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт. Аткарылуучу жол-жоболор, көз боемочулуктун же катачылыктын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөө коркунучуна баа берүүнү кошкондо, аудиттин кесипкөй талдоосуна байланыштуу болот. Аудиттин аткарылып жаткан жол-жоболору мындай шартта ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз. Жыйналган аудитордук далилдер ушул отчетто камтылган чечимдер үчүн негиз болууга жетиштүү жана жарактуу болуп саналат деп ойлойбуз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин субъектисинин ишин жөнгө салган ченемдик укуктук документтерде белгиленген максаттарды жана милдеттерди БШК бюджетин аткаруунун ылайык келиши аудиттин предмети болуп саналат.

Аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер:

- мурдагы аудиттин натыйжалары боюнча эскертмелердин жана сунуштардын аткарылышы;
- шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана аткаруу боюнча чыгашалардын сметасын каржылоо жана бекитүү;
- БШК аппаратын күтүүгө чыгашалардын сметасын каржылоо жана бекитүү;
- эл аралык уюмдардан финансылык жардамдардын келип түшүүшү;
- эмгек акы боюнча чыгашалар;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын абалы жана эсеби;
- негизги каражаттардын жана материалдык ресурстардын абалы жана эсеби;
- мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорунун сакталышы.

**Аудиттин критерийлери**

Ушул аудиттин предметинин ылайык келүүсүн баалоо боюнча критерийлер төмөндөгүлөр болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Бюджет кодекси;
- “Кыргыз Республикасынын 2023 жана 2024-жылдарга республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы;
- “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамы;
- “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
-“Шайлоо жана референдумду өткөрүү мезгилине Кыргыз Республикасынын округдук, аймактык жана участкалык шайлоо комиссияларынын төрагаларына, катчыларына, мүчөлөрүнө сый акынын өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 26-апрелиндеги №242 токтому;
-“Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү тууралуу” КР финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындаг №137-б жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-б, 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйруктары.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттарын белгилөө**

Иш INTOSAI аудитинин түпкүлүктүү принциптерине жана аудит үчүн жетекчиликке алынуучу, атап айтканда ISSAI 400 и ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган) көрсөтмөлөргө ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 29.03.2021-жылдагы №01-26/56 токтому менен бекитилген аудит боюнча Колдонмого ылайык жүргүзүлгөн.

**Этикалык талаптарга ылайык келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары аудит тобу этикалык норманы сактоосун, ошондой эле аудиттин предмети өзүнүн бардык аспектилеринде мыйзамдарга жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келгенине негиздүү ишенимге ээ болгон таризде пландаштырылышын жана жүргүзүлүшүн талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Ушул аудиттин жүрүшүндө БШКнын ишине тийиштүү болгон ченемдик укуктук актылар, ички нормативдик документтер, бюджеттердин аткарылышы жөнүндө отчеттор, бухгалтердик жана башка финансылык документтер каралды.

Аудит маселелери тобокелдиктердин белгиленген деңгээлинин негизинде тандап алынгандардын көлөмүнө ылайык жүргүзүлдү.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчиликти документти берген кызмат адамы тартат.

**2023-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудити боюнча шайкеш келбеген финансылык бузуулар аныкталган, жалпы суммасы 8 289,7 миң сомду түздү анын ичинен ордуна коюлууга тийиш болгон 4 385,5 миң сомдон аудит учурунда 2 835,2 миң сом ордуна коюлган, калдыгы 1 550,3 миң сомду түзөт.**

**Аудиттин субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 12-беренесине, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 30-июнундагы №62 Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү тутумун төмөнкүлөр түзөт:

1) Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы;

2) Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча аймактык шайлоо комиссиялары: райондук жана шаардык шайлоо комиссиялары (мындан ары – АШК) – Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча 56 бирдик;

3) Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча участкалык шайлоо комиссиялары (мындан ары – УШК) – 2439 бирдик.

Шайлоо комиссиялары Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштурат, Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну жана коргоону камсыз кылат.

"Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 1-беренесине ылайык БШК Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуучу жана шайлоо комиссияларынын тутумуна башчылык кылуучу туруктуу иштеген мамлекеттик бийликтин көз карандысыз органы болуп саналат.

БШК өзүнүн бюджети, атайын депозиттик эсеби, расмий бланкы жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби түшүрүлгөн мөөрү бар юридикалык жак болуп саналат.

БШКнын милдеттери ("Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 3-беренеси): Кыргыз Республикасынын аймактарында Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарынын жана референдумга катышуу укуктарынын сакталышын камсыз кылуу; шайлоо мыйзамдарынын бир түрдүү колдонулушун камсыз кылуу; талапкерлер, саясый партиялар үчүн бирдей укуктук шарттарды сактоону камсыз кылуу; шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын эсебин жүргүзүүнүн бирдиктүү системасын уюштуруу; Президентти, Жогорку Кеңештин депутаттарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону жана референдумду даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылуу; шайлоо тутумун өнүктүрүү, шайлоо процессинин катышуучуларын маалымдоо жана шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүн жана шайлоо комиссиясынын резервинде турган адамдарды окутуу.

Борбордук шайлоо комиссиясынын ишин уюштуруу-усулдук, маалыматтык-талдоо, материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну, жогоруда аталган Мыйзамдын 12-беренесине ылайык Борбордук шайлоо комиссиясынын аппараты жүзөгө ашырат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын ар бир аймактык шайлоо комиссиясында аймактык шайлоо комиссиясынын ишин координациялык, уюштуруу-усулдук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну жүзөгө ашыруучу, ошондой эле шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын тизмелерин жүргүзүүчү, жаңылоочу жана тактоочу туруктуу атайын өкүлү жана тутумдук администратору болот.

Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясына дайындалган атайын өкүл жана системалык администратор Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкери болуп саналат.

Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери мамлекеттик жарандык кызматчылар болуп саналат.

Борбордук шайлоо комиссиясын каржылоо кезектеги финансы жылына республикалык бюджеттин өзүнчө сабында каралат.

Кезектеги шайлоолорду жана референдумдарды даярдоого жана өткөрүүгө каржылоо кезектеги финансы жылына республикалык бюджеттин өзүнчө сабында каралат.

Аймактык жана участкалык шайлоо кломиссияларын түзүүнүн тартиби "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренеси менен жол-жоболоштурулган, ага ылайык аймактык шайлоо комиссиясы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан 5 жылдык мөөнөткө саясый партиялардын өкүлдөрүнүн экиден биринин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын өкүлдөрүнүн экиден биринин курамында шайланат.

Участкалык шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан аталган мыйзамдын 19-беренесинин 1 жана 2-бөлүктөрүнүн талаптарын эске алуу менен саясый партиялардын өкүлдөрүнөн жана тийиштүү участкалык шайлоо комиссиясынын резервинен жети мүчөдөн кем эмес курамда түзүлөт.

**Аудит жүргүзүлгөн мезгилде төмөндөгү шайлоолор жана референдумдар дайындалган жана өткөрүлгөн:**

**1.** 2023-жылдын 9-апрелинде Нарын, Баткен, Ош, Талас жана Чүй облустарында айрым жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо өткөрүлгөн *(КР Президентинин 2023-жылдын 6-февралындагы №19 Жарлыгы).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгымдардын сметасы 18951,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдары 17662,5 миң сомду түзгөн, үнөмдөө 1288,5 миң сом болгон.

**2.** 2023-жылдын 28-майында № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткорүлгөн *(КР Президентинин 2023-жылдын 29-мартындагы №70 Жарлыгы).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгымдардын сметасы 18636,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдары 15370,7 миң сомду түзгөн, үнөмдөө 3 265,8 миң сом болгон.

**3.** 2023-жылдын 10-сентябрында ушул эле №26 шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоо өткөрүлгөн *(КР Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-жылдын 12-июлундагы № 64 токтому).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгымдардын сметасы 13208,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгымдары 13142,0 миң сомду түзгөн, үнөмдөө 66,8 миң сом болгон.

**4.** 2023-жылдын 8-октябрында Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Саруу айылдык кеңешинин депутаттарын кезектеги шайлоо өткөрүлгөн. *(КР Президентинин 2023-жылдын 8-октябрындагы №183 Жарлыгы).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгашалардын сметасы 1128,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашасы 1034,0 миң сомду түзгөн, үнөмдөлгөн каражат 94,1 миң сом. болгон

**5.** 2024-жылдын 28-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо №2 Баткен, №9 Кара-Суу жана №7 Ош ОШК боюнча өткөрүлгөн *(КР Президентинин 2024-жылдын 4-*

*мартындагы №60, 14-мартындагы №27 Жарлыктары).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгымдардын сметасы 34648,0 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашасы 34168,3 миң сомду түзгөн, үнөмдөө 479,7 миң сом болгон.

**6.** 2024-жылдын 30-июнунда №5 Ноокат, №36 Ысык-Көл жана №29 Свердлов ОШК боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүлгөн *(КР Президентинин 2024-жылдын 30-апрелиндеги №109 Жарлыгы).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгашалардын сметасы 30753,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашасы 29357,6 миң сомду түзгөн, үнөмдөө 1395,7 миң сом болгон.

**7.** 2024-жылдын 22-сентябрында №13 Сузак ОШК боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда шайлоо жүргүзүлгөн *(КР Президентинин 2024-жылдын 24-июлундагы №204 Жарлыгы).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгымдардын сметасы 12216,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашасы 11537,2 миң сомду түзгөн, үнөмдөө 679,6 миң сом болгон.

**9.** 2024-жылдын 17-ноябрында Кыргыз Республикасынын 264 жергиликтүү кеңешинин депутаттарын, анын ичинен 33 шаардык кеңештеринде жана 231 айыл кеңештеринде шайлоо жүргүзүлгөн (*КР Президентинин 2024-жылдын 6-сентябрындагы №256 Жарлыгы).* КР БШКнын токтому менен бекитилген чыгашалар сметасы 495 718,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 434 834,5 миң сомду түзгөн, үнөмдөө 60 883,9 миң сом болгон.

Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү камсыз кылууга төмөнкүлөр тартылды:

• 56 аймактык шайлоо комиссиялары (АШК) – бардыгы болуп 674 комиссия мүчөлөрү;

• 2439 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) – комиссия мүчөлөрүнүн жалпы саны 30715 адамды түздү;

• 1500 автоматтык эсептөөчү жабдуулардын (АЭЖ) операторлору шайлоо участкаларында иштөөгө тартылган;

• Мамлекеттик бажы кызматынын (МБК) 600 оператору атайын шайлоо участкаларына тартылган;

• Шайлоонун алдында жана шайлоо күнү коомдук тартипти камсыздоого Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин 4990 кызматкери тартылган.

Аймактык административдик реформаны (ААР) ишке ашырууга байланыштуу зарыл чараларды өз убагында жана сапаттуу кабыл алууну камсыз кылуу, ошондой эле БШК менен тиешелүү мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылуу максатында КР БШКнын 2024-жылдын 29-январындагы №2 чечими менен **БШКнын жана аймактык шайлоо комиссияларынын алдына төмөнкүдөй милдеттер аныкталган:**

• пилоттук режимде ААРди өткөрүүнүн максаттары жана тартиби боюнча маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

• жаңы айылдык аймактарда жана шаарларда жергиликтүү кеңештерди уюштуруу маселелери боюнча аймактык шайлоо комиссияларынын ишин координациялоо жана уюштуруу-методикалык жактан камсыздоо;

• Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, анын ичинде Бишкек жана Ош шаарларындагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү менен бирдикте жергиликтүү кеңештердин төрагаларын шайлоону уюштуруу жана өткөрүү;

• Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 Жарлыгы менен бекитилген Жол картасынын 5-пунктуна ылайык иш-чаралардын аткарылышын камсыз кылуу (графиктерди даярдоо, шайлоо комиссияларынын иштерин координациялоо, мамлекеттик органдар жана ЖӨАБ органдары менен өз ара аркеттенүү).

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаровдун 2024-жылдын 19-июнундагы №34210 тапшырмасын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 12-июлундагы №144 “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоону электрондук башкаруу үчүн бирдиктүү программалык-техникалык комплексти түзүү жана 2024-2027-ж. жаңы шайлоо циклинде анын натыйжалуу жана үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 12-июлундагы №144 тескемесин аткаруу жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-апрелиндеги №90 Жарлыгы менен бекитилген 2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасынын санариптик трансформация концепциясын ишке ашыруу максатында КР БШК 2024-2027-жылдардагы жаңы циклде шайлоону башкаруунун электрондук системаларынын натыйжалуу жана үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу үчүн шайлоо жана сервердик жабдууларды сатып алуу жүргүзүлгөн.

## Мурдагы аудиттин жыйынтыгы менен берилген жазма буйруктардын аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2020-2022-жылдардагы БШКга аудитинин жыйынтыгы боюнча 14 пункттан турган сунуштама жөнөтүлгөн, баары аткарылган.

## Шайлоолорду жана референдумдарды даярдоону жана өткөрүүнү, ошондой эле БШКнын аппаратын күтүүнү каржылоо жана чыгашалардын сметасын бекитүү

БШКнын 2023-жылга чыгашалар сметасы “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 17.01.2023-жылдагы №3 Мыйзамы менен **183 320,5 миң сом** суммасында бекитилген.

*2023-жылы БШКнын чыгашаларынын бекитилген сметасына төмөндөгүлөр боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген:*

“Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Борбордук комиссиясынын мамлекеттик органдарынын кызмат адамдарына, мамлекеттик жарандык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №256 КПҮ Жарлыгына ылайык БШКнын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын эмгек акысын жогорулашына жараша БШК 2023-жылга бюджеттин чыгашалар сметасын аткарууга талдоо жүргүзгөн жана Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесине ылайык төмөнкү чаралар көрүлгөн:

-18110 (Аппарат) бөлүмүндө БШКнын чыгаша сметасы **47 422,3 миң сомго** көбөйтүлгөн;

-18120 (шайлоо) бөлүмүндө БШКнын чыгаша сметасы **4758,0 миң сомго** кыскарган (анын ичинен 4758,0 миң сому ашыкча резерв катары республикалык бюджеттин кирешесине кайтарылган).

Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилгенден кийин 2023-жылга БШКнын чыгашаларынын такталган сметасы жалпысынан 225 984,8 миң сомду түздү.

БШКнын 2023-жылга кассалык чыгашасы **214 117,0 миң сомду** түздү, анын ичинен:

- 18110 – КР БШКнын борбордук аппараты 147 149,3 миң сом суммасында;
- 18120 – КР БШК шайлоо 66 967,7 миң сом.

Пайдаланылбай калган каражаттардын калдыгы **11 867,8 миң сомду** түзүп, жылдын жыйынтыгы боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө кайтарылган. **18110 жана 18120** ведомстволук классификациясы боюнча республикалык бюджеттин аткарылышы, ошондой эле чыгашалардын беренелери боюнча киргизилген өзгөртүүлөрдү эсепке алганда функционалдык классификация боюнча маалыматы форма №2 жана №4 отчетторунда көрсөтүлгөн.

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 12-декабрындагы №9 Мыйзамы менен КР БШКнын **2024-жылга бюджети 234 491,1 миң сом** өлчөмүндө, анын ичинде төмөндөгү ведомстволук классификациялык коддор боюнча бекитилген: анын ичинен:

-18110 коду КР БШК борбордук аппарат 170 497,2 миң сом;

- 18120 коду шайлоолор 63 993,9 миң сом.

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга пландаштыруу мезгили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын 2024-жылга **такталган бюджети 1238436,9** миң сомду түзүлгөн, ведомстволук классификасиянын коддору боюнча:

- 18110 – КР БШК борбордук аппараты 149 597,2 миң сом.
- 18120 – шайлоолор 1 088 839,7 миң сом.

БШКнын 2023-жылга кассалык чыгашасы **1160643,1 миң сомду** түздү, анын ичинен:

- 18110 – КР БШКнын борбордук аппараты 144939,1 миң сом суммасында;

- 18120 – КР БШК шайлоо 1015704,0 миң сом.

Пайдаланылбай калган каражаттардын калдыгы **77793,8 миң сомду** түзүп, жылдын жыйынтыгы боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө кайтарылган. 18110 жана 18120 ведомстволук классификациясы боюнча республикалык бюджеттин аткарылышы, ошондой эле чыгашалар беренелерине киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен функционалдык классификация жөнүндө маалыматтары форма №2 жана №4 отчетторунда көрсөтүлгөн.

**Корутунду:**

Аудит тарабынан Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2023-2024-жылдардагы бюджетинин аткарылышы бардык олутуу аспектилерде, төмөндө баяндалган шарттарды кошпогондо мыйзамдардын (белгиленген критерийлерге) талаптарына ылайык келери аныкталды.

**Аныкталды жана корутунду 1:** 2023-жылдын 28-майындагы өткөн Бишкек шаарынын №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттын мөөнөтүнөн мурда шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылып, (добуштарды сатып алуу фактылары боюнча) шайлоого чыгымдалган каражат 15 370,7 миң сом бюджеттик жоготууга учурап өз максатына жеткен эмес. Тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-мартындагы №70 Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттын мөөнөтүнөн мурда шайлоо 2023-жылдын 28-майында өткөрүлгөн.

2023-жылдын 16-июнунда КР Жогорку сотунун токтому менен жогоруда аталган №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерди шайлоого каттоодон баш тартуу, укук коргоо органдарына кылмыш ишин козгоого макулдук берүү жана шайлоочулардын дообушун жокко чыгаруу жөнүндө БШКнын 2023-жылдын 5-июнундагы №123 чечими күчүндө калтырылган.

Жогорудагы КР Жогорку сотунун токтомуна байланыштуу, №26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча 2023-жылдын 10-сентябрына кайра шайлоо өткөрүү жөнүндө БШКнын токтому кабыл алынган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына күнөөлүү адам (талапкер же шайлоо процессинин башка субъектиси) тарабынан анын күнөөсү боюнча шайлоо өткөрүлбөгөн, же жараксыз деп таанылгандыгына байланыштуу мамлекеттик бюджеттен кеткен чыгымдарды кайтарып берүү механизмин караган өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө. Ошондой эле кыянаттыктарды жана укуктук боштуктарды болтурбоо үчүн, милдеттенмени күчүнө кирген соттун чечимине так байлоо, доо арыз менен иштөө жана зыянды эсептөө үчүн жооптуу адамдарды, өндүрүп алуунун максималдуу мөөнөттөрүн аныктоо сунушталат.

**Аныкталды жана корутунду 2:** 2016-жылдын 16-майындагы №59 Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 10-пунктун "Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары турган, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктары, мамлекеттик тышкы инвестициялар боюнча бюджеттик каражаттардын калдыктарын кошпогондо, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан тиешелүү бюджеттердин эсебине бюджеттик жылдын акыркы эки жумуш күнүнөн кечиктирилбестен которулууга тийиш" деген талабы сакталбай 880,9 миң сом БШКнын кассасында накталай акча каражаты жылдын аягында колдонулбай калдык болуп калган. Финансылык жылдын жыйынтыгы боюнча накталай акча каражаттарынын пайдаланбай калган калдыктары кийинки жылдын 2023-жылдын 18-январында республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө кайтарылган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптары так сакталсын жана жетекчилик тарабынан көзөмөлгө алынсын.

### Штаттык бирдиктин жана эмгек акы төлөө фондусунун туура түзүлүшүнө жана төлөнушунө аудит.

БШКнын штаттык ырастамасы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтому менен жалпы 152 штаттык бирдик бекитилген. (анын ичинен 131 штаттык бирдиги мамлекеттик кызматкерлер, 15 техникалык тейлөө жана 6 кеңже тейлөөчү кызматкер).

2023-жылга карата эмгек акысынын кассалык төлөмдөрү жалпы 149 924,8 миң сомго (анын ичинен аппарат 115 456,4 миң сом, шайлоо 25 512,0 миң сом, өнүктүрүү жана дем берүү фондусунан 8 956,4 миң сом) чыгымдалган, олуттуулуктун денгээли 2 141,2 миң сомду түздү. Статистикалык эмес тандап алуу ыкмасы менен, стандарттык текшерүүлөр көлөмү боюнча 179 эмгек акынын чегерүүсү же 15 кызматкердин 12 айлык эмгек акыларынын чегерүүлөрү каралды.

2024-жылга карата эмгек акысынын кассалык төлөмдөрү жалпы 363 837,4 миң сомго (анын ичинен аппарат 113 573,0 миң сом, шайлоолор 229 231,6 миң сом, өнүктүрүү жана дем берүү фондусу 21 032,8 миң сом) чыгымдалган, олуттуулуктун деңгээли 11 851,8 миң сомду түздү. Статистикалык эмес тандап алуу ыкмасы менен стандарттык текшерүүлөр көлөмү боюнча 80 эмгек акынын чегерүүсү же 7 кызматкердин 12 айлык эмгек акыларынын чегерүүлөрү каралды.

**Аныкталды жана корутунду 3:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомунда көрсөтүлбөгөн БШКнын кеңже тейлөөчү кызматкерлерине 5 айдоочуга жана 1 телефонистке иштеген жылдары үчүн кызматтык стажына

кошумча эмгек акысы жалпы төлөнгөн  сумма 744,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен социалдык төлөмдөрү 109,6 миң сом (2023-жылы 372,4 миң сом, 2024-жылы 372,5 миң сом) төлөнүп берилген, аталган кошумча төлөмдөр 2025-жылы токтотулган. Аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 12-июнундагы №3508 жана №3509 төлөө тапшырмалары менен 635,3 миң сом жана 109,6 миң сом, жалпы **744,9 миң сом** республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулган.

**Сунуштама:** 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Рсепубликасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомуна ылайык иш алып барылсын.

**Аныкталды жана корутунду 4:** БШК тарбынан Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 4-берененин 2-пункттун 7-пунктачысына ылайык эмгек келишими боюнча штаттан тышкаркы кызматкерлерге (адистерди) ошондой 2004-жылдын 4-августундагы №106 Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 100,107,174,175-беренелерине ылайык дем алыш жана майрам күндөрү чыккан үчүн жалпы **3 906,0 миң сом**, анын ичинен 2023-жылы 320,7 миң сом, 2024-жылы 3 585,3 миң сом өлчөмүндөгү каражат төлөнгөн.

Штаттан тышкаркы адистер менен түзүлгөн келишимдердин 3-пунктунда аткарылган жумуш үчүн эмгек акы жана 4-пунктунда жумуш убактысынан тышкары, ошондой эле дем алыш жана майрам күндөрү ишке тартуу боюнча шарттары көрсөтүлгөн. 7-пунктуна ылайык штаттык эмес кызматкерлер аткарылган иштер жөнүндө отчет берет жана ушул отчеттун негизинде акы төлөнүп бериши каралган.

Аудит учурунда аныкталгандай жалпы күндөргө отчеттор берилген. Ал эми, дем алыш жана майрам күндөрүнүн аткарылган иштеринин отчеттору берилбей төлөнгөн.

**Сунуштама:** Штаттан тышкары адистер менен түзүлгөн эмгек келишиминин шарттары эске алынсын.

**Аныкталды жана корутунду 5:** Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 43-беренсинин 2-пункту жана Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Мыйзамынын 41-беренсинин 2-пункту *“Добуш берүү күнү жана анын алдындагы күнү соттор, прокуратура органдары, ички иштер органдары үчүн жумуш күнү болуп саналат. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерин тейлеген банк же башка мекемелер үчүн добуш берүү күнүнүн алдындагы күн жумушчу күн болуп саналат”* жана 3-пункту *“Ички иштер органдары шайлоо участкасынын аймагында добуш берүүнү өткөрүүдө шайлоо комиссиялары талап кылган, ошондой эле коомдук тартип бузулган учурда, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын чакыруусу боюнча добуш берүү үчүн*

*жайда коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча жардам көрсөтүүгө милдеттүү”* деп көрсөтүлгөн.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдары жөнүндө” Мыйзамынын 1-бөлүмүнүн 2-беренесинде *“Коомдук тартипти, инсандын жана коомдун коопсуздугун камсыз кылуу”* Ички иштер органдарынын негизги милдеттерине болуп эсептелинет.

Бирок, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Мыйзамынын 25-беренесинин 13-пунктуна *“Шайлоо (референдум) өткөрүлгөн күнгө, ошондой эле шайлоо (референдум) күнүнө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген өлчөмдө шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө суткалык төлөөлөргө”* жана 14-пунктуна *“Шайлоо (референдум) өткөрүлгөн күнгө, ошондой эле шайлоо (референдум) күнүнө шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, тартылган жарандарга бир адамдык суткалык өлчөмдө тамак уюштурууга”* ылайык шайлоо учурунда тартылган ар бир кызматкерге бир күнгө 0,5 миң сомдон эки күнгө Ички иштер министрлигинин кызматкерлерине суткалык төлөм катары аудит камтыган мезгил аралыгына Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жалпы 6 242,0 миң сом которуу жолу менен төлөнүп берилген, анын ичинен 2023-жылы 336,0 миң сом, 2024-жылы 5 906,0 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы 471 токтомун эгерде убактылуу тартылган мамлекеттик кызматкерлер мамлекеттин эсебинен каржыланса, анда мамлекеттик милдеттерди аткарууда аларга (мисалы, коомдук тартипти сактоо) суткалык акыларды төлөө шарттары бөлүгүндө кайра карап чыгууну сунуштайт.

**Аныкталды жана корутунду 6:** БШК менен “MIRU SYSTEMS CO., LTD” компаниясы ортосунда түзүлгөн 2024-жылдын 15-июлундагы №116 келишимдин 2.7-пункту “Бул келишим күчүнө киргенге чейин сатуучу (поставщик) келишимдин аткарылышынын кепилдиги катары Кыргыз Республикаснын Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамына ылайык сатып алуучунун депозиттик эсебине келишимдин суммасынын (5%) беш пайызы өлчөмүндөгү 580,4 миң АКШ доллар же 49 799,2 миң сом төлөмдү төлөп берүүгө милдеттүү” дегени аткарылбай 49 799,2 миң сом сатып алуучунун депозиттик эсебине которулбай туруп, банктан алынган кепилдиги менен алып барышкан. Тактап айтканда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 12-июлундагы №144 тескемесине жана Кыргыз Республикасынын Мнистрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июлундагы №417-т тескемесинин негизинде Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (сатып алуучу) менен Корея Республикасынын “MIRU SYSTEMS CO., LTD” компаниясы (сатуучу) ортосунда “Шайлоо жабдууларын жеткирүү, шайлону электрондук башкаруу жана киберкоопсуздук системаларынын программалык-аппараттык комплексин жаңыртуу жана

өркүндөтүү" үчүн жалпы 11 608,2 миң АКШ долларына 2024-жылдын 15-июлундагы №116 келишими түзүлгөн.

Түзүлгөн келишимдин 2.7-пунктунда "Бул келишим күчүнө киргенге чейин сатуучу (поставщик) келишимдин аткарылышынын кепилдиги катары Кыргыз Республикаснын Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө мыйзамына ылайык сатып алуучунун депозиттик эсебине келишимдин суммасынын (5%) беш пайызы өлчөмүндөгү 580,4 миң АКШ доллар же 49 799,2 миң сом, (КР Улуттук банкынын 28.10.2024-жылга карата 85 сом 80 тыйын) төлөмдү төлөп берүүгө милдеттүү" деп көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:** Борбордук шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча комиссиясы тарабынан түзүлгөн келишимдердеги көрсөтүлгөн талаптарыга ылайык иш алып барылсын жана жетекчилик тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жобосун сактоо боюнча**

2023-жылы 13 032,0 мин сом суммасына пландаштырылган 83 конкурстук соода жүргүзүлгөн, анын ичинен жалпы өттү деп таанылган 55 конкурс, ар кандай себептер менен өтпөй калганы 26 конкурс, артка кайтарып алганы 2 конкурс. Өткөн конкурстардын ичинен катировкаларды суратуу методу менен 44, чектелбеген методу 11 түзүлгөн. Өткөрүлгөн конкурстук сооданын натыйжасында берүүчүлөр менен 11 403,9 миң сом суммасындагы келишимдер түзүлгөн же үнөмдөө 1 628,1 млн. сомду түзгөн.

2024-жылы жалпы 91 109,9 миң сом суммасына пландаштырылган 110 конкурстук соода жүргүзүлгөн, алардын ичинен 66 конкурсу өттү деп таанылган, ар кандай себебтер менен 42 өтпөй калган жана 2 конкурс артка кайтарылып алынган. Өткөн конкурстук сатып алуулардын ичинен чектелбеген метод менен 7 конкурс, котировканы талап кылуу методу 59 конкурс өтүп келишимдер түзүлгөн. Өткөрүлгөн конкурстук сооданын натыйжасында берүүчүлөр менен жалпы 70 557,1 миң сом суммасындагы келишимдер түзүлгөн же үнөмдөө 20 552,8 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду 7:** 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" мыйзамынын 26-беренесинин 5-пункттун 1-пунктчасын "Товардын техникалык спецификациясынын шайкештик сертификаты" талабына дал келбей жалпы 1 012,9 миң сомго сатып алуулар болгон. Алар төмөнкүлөр:

– 2023-жылдын 9-февралындагы №230209367059330 сатып алуу конкурсу котировкаларды суратуу ыкмасы менен "АИ-95 КММ сатып алууга" жалпы суммасы 108,0 миң сомго жарыяланган. Конкурстун жыйынтыгы боюнча "Кыргыз Нафта" (106,2 миң сом) "Товардын техникалык спецификациясынын шайкештик сертификаты" талабына дал келбей конкурстун жеңүүчүсү болуп аныкталган;

– 2023-жылдын 14-декабрындагы №231214419190926 сатып алуу конкурсу, котировкаларды суратуу ыкмасы менен "АИ-95 КММ сатып алууга" жалпы суммасы 350,1 миң сомго жарыяланган. Конкурстун жыйынтыгы боюнча "Кыргыз Нафта" (350,1 миң сом) "Товардын техникалык спецификациясынын

шайкештик сертификаты” талабына дал келбей конкурстун жеңүүчүсү болуп аныкталган;

– 2023-жылдын 13-мартындагы №230313371574511 сатып алуу конкурсу котировкаларды суратуу ыкмасы менен “Оңдоо жана тейлөө боюнча автотранспорт каражаттарына” жалпы суммасы 200,0 миң сомго жарыяланган. Конкурстун жыйынтыгы боюнча “ААА-Сервис” ЖЧКсы (167,0 миң сом “Техникалык тейлөө станциясынын менчигинде же ижара келишиминде болушу, менчигинде жабдуулардын жана механизмдердин төмөнкү түрлөрүнүн болушу же ижарага алуу мүмкүндүгүнүн ырасталышы (көтөргүч, урап түшүү стенддери, шиналарды орнотуучу жабдуулар, диагностика үчүн жабдуулар)” талабына дал келбей конкурстун жеңүүчүсү болуп аныкталган.

– 2024-жылдын 11-сентябрындагы № 240911466370038 сатып алуу конкурсу котировкаларды суратуу ыкмасы менен “Оңдоо жана тейлөө боюнча автотранспорт каражаттарына” жалпы суммасы 132,0 миң сомго жарыяланган. Конкурстун жыйынтыгы боюнча “ТАБ систем” ЖЧКсы (116,0 миң сом) “Техникалык тейлөө станциясынын менчигинде же ижара келишиминде болушу, менчигинде жабдуулардын жана механизмдердин төмөнкү түрлөрүнүн болушу же ижарага алуу мүмкүндүгүнүн ырасталышы (көтөргүч, урап түшүү стенддери, шиналарды орнотуучу жабдуулар, диагностика үчүн жабдуулар)” талабына дал келбей конкурстун жеңүүчүсү болуп аныкталган.

– 2024-жылдын 7-августундагы №240807459687115 сатып алуу конкурсу котировкаларды суратуу ыкмасы менен “Сувенирлерди жана белектерди даярдоо боюнча кызматтарды, мейманкана, өкүлчүлүк кызматтарды сатып алууга” жалпы суммасы 337,5 миң сомго жарыяланган. Конкурстун жыйынтыгы боюнча “Империал Строй Кей Джи” ЖЧКсы (281,0 миң сом) “Көрсөтүлүп жаткан лоттун суммасынан кем эмес суммага экиден кем эмес окшош келишимдерди берүү” талабына дал келбей конкурстун жеңүүчүсү болуп аныкталган.

**Аныкталды жана корутунду 8:** 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” мыйзамынын 2-беренсинин 4-пунктунда көрсөтүлбөгөн же накталай эсептешүү менен жалпы 1 428,6 миң сом (2023-жылы 665,3 миң сом, 2024-жылы 763,3 миң сом) сатып алынган. Тактап айтканда шайлоолорду жана референдумдарды уюштурууга жана өткөрүүгө аймактык шайлоо комиссиясы жана округтук шайлоо комиссиясы тарабынан мамлекеттик сатып алуулардын жол-жобосун сактабастан, 2023-жылы жалпы суммасы 256,6 миң сомго негизинен накталай эсептешүү менен күйүүчү майлоочу май  сатып алынган.

Мындан тышкары, БШКнын борбордук аппараты боюнча мамлекеттик сатып алуу конкурстары жүргүзүлбөй туруп, жалпы суммасы 1 172,0 миң сомго, анын ичинде 2023-жылы 408,7 миң сомго, 2024-жылы 763,3 миң сомго отчет берчү адамдар аркылуу күйүүчү майлар, ар кандай чыгымдар, учурдагы чарбалык товарларды жана материалдарды сатып алууга, эмерек, компьютердик программалык камсыздоолор жана башкалар накталай акча каражатына жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында көрсөтүлгөн талаптарыга ылайык иш жүргүзүлсүн.

**Негизги каражаттардын жана материалдык ресурстардын абалы жана автоунаа чыгымдарынын эсеби.**

Борбордук шайлоо комиссиясынын жылдык баланстык отчетунда 2023-жылдын 1-январына карата негизги каражаттардын баштапкы баасы 1 129 960,4 миң сом, жылдык эсептелген амортизациясы 1 015 725,3 миң сомду түзүп, негизги каражаттардын баштапкы калдыгы 114 235,1 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата негизги каражаттардын баштапкы баасы 1 234 026,2 миң сом, жылдык эсептелген амортизациясы 1 127 953,9 миң сомду түзүп, негизги каражаттардын баштапкы калдыгы 106 072,3 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 31-декабрына карата негизги каражаттардын баштапкы баасы 2501770,6 миң сом, жылдык эсептелген амортизациясы 1179413,9 миң сомду түзүп, негизги каражаттардын баштапкы калдыгы 1322356,7 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду 9:** БШКнын 2012-жылдын 18-январындагы №11 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин, жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларын шайлоону даярдоого жана референдум өткөрүүгө байланышкан документерди сактоонун жана архивге өткөрүп берүүнүн тартибин бекитүү тууралуу" Тартибинде жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2024-жылдын 9-сентябрындагы №3-д буйругу менен бекитилген "Сактоо мөөнөттөрүн көрсөтүү менен мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардын ишинде түзүлүүчү типтүү башкаруу архив документеринин тизмесин бекитүү жөнүндөгү" Тизмесинде көрсөтүлгөн "Өткөрүлгөн референдум жана шайлоонун официалдык жыйынтыктарынан бир жылдан кийин шайлоо бюллетендери эсептен чыгарылат" деген талабы аткарылбай 2024-жылдын 1-январына карата 3 950,1 мин сомго шайлоо бюллетендеринин калдык бар экендиги аныкталган. Тактап айтканда тавардык материалдык калдыктарды инвентаризация жүргүзүү учурда БШКнын 2024-жылдын 1-январына карата отчеттуулук формаларынын (бланк строгой отчетности) маалыматына ылайык шайлоо бюллетендеринин калдыгы 3 950,1 миң сомду түзөт. Алар жогорудагы тартип жана тизмеге ылайык көрсөтүлгөн мөөнөттөрүндө эсептен чыгарып туруу жагы каралган.

**Сунуштама:** Борбордук шайлоо жана референдум өткөрүү комиссиясынын 2012-жылдын 18-январындагы №11 Тартибине жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2024-жылдын 9-сентябрындагы №3-д Тизмесине ылайык өткөрүлгөн референдум жана шайлоонун расмий жыйынтыктарынан бир жылдан ашкан шайлоо бюллетендеринин мөөнөттөрү келген учурда эсептен чыгаруу жагы көзөмөлгө алынсын.

.

**Аныкталды жана корутунду 10:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонын 5-параграфынын 176-пунктун талаптарына дал келбей иштеп жаткан, оң абалдагы 21 даана планшеттери (HUAWEI MediaPad M5 lite: JDN2-L09) баланстык эсептен жалпы 271,6 миң сом чыгышталган. Инвентаризация жүргүзүү учурунда 11 даанасын БШКнын мүчөлөрүндө, 6 даанасын БШКнын кызматкерлеринде колдонуп жүргөндүгү аныкталган жана 4 даанасын материалдык жоопту кызматкер тарабынан аудитке көрсөтө алган жок (кызматкердин түшүнүк каты тиркелет). Аудиттин жүрүшүндө аталган 4 (төрт) планшеттердин баштапкы баланстык баалары (ар бири 12,9 миң сомдон) жалпы **51,7 миң сом** республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө кызматкер тарабынан 2025-жылдын 17-июнундагы №412300032 накталай төлөө квитанциясы менен төгүлгөн.

Ал эми калган 17 даана планшет (ар бири 12 935 сом) жалпы **219,9 мин сом** машина жана жабдуулар 3112-беренесине негизги каражаттар катары бухгалтердик жүгүртмө (проводка) берилип калыбына келтирилген.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык иш алып барылсын.

### Депозиттик эсептерге түшүүлөр жана кайтаруулар боюнча

2023-жылдын 1-январына карата БШКнын депозиттик эсебинде калдык 39 909,2 миң сом, жыл ичинде келип түшкөнү 89 92,6 миң сом, жыл ичинде республикалык бюджеттин кирешесине кайтарылганы 33 670,1 миң сом, кантрактын аткарылышына кепилдигин камсыздоого 326,8 миң сом, жергиликтүү кеңештин депутаттарына 4 953,0 мин сом, жогорку кеңештин депутаттарына 5 879,8 миң сом которулуп берилген, жыл аягына калдык 4 076,1 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата БШКнын депозиттик эсебинде калдык 4 076,1 миң сом суммасында акча каражаты эсептелинет, жыл ичинде келип түшкөнү 13 934,6 миң сом, жыл ичинде республикалык бюджеттин кирешесине 7 195,7 миң сом жана кантрактын аткарылышына кепилдигин камсыздоого 634,4 миң сом, жергиликтүү кеңештин депутаттарына 8,0 мин сом, жогорку кеңештин депутаттарына 5 100,0 миң сом, партияларга 2 300,0 миң сом которулуп берилген, 2025-жылдын 1-январына карата калдык 2 772,7 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду 11:** "КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" конституциялык Мыйзамына жана "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" КР мыйзамына ылайык шайлоочулардын добуштарынын белгиленген босогосун алган бирдиктүү шайлоо округу боюнча КР Президентине талапкерге жана ЖК депутатына саясий партияга *1% кем эмес*, тийиштүү бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттыкка талапкерге – *5% кем эмес*, жергиликтүү кеңештерге

саясий партия жана талапкер үчүн *15% кем эмес* шайлоочулардын добуштарын алган учурда шайлоо күрөөсү кайтарылып берилет жана мыйзамдарда каралган башка учурларда, мыйзамдарда белгиленген шарттарды аткарбаганда же сактабаганда республикалык бюджеттин кирешесине которулат деп көрсөтүлгөн. 2024-жылдын 31-декабрына карата карата күрөө суммасынын калдыгы жалпы 2139,0 миң сом республикалык бюджетке которулбай калган. Тактап айтканда БШК берген маалыматтарга ылайык 2023-жылдын 1-январына карата күрөө суммасынын калдыгы 2 069,0 миң сомду түзгөн, 2023-жылдары шайлоо күрөөсү катары БШКнын депозиттик эсебине жалпы 6 911,0 миң сом келип түшкөн, депутаттарды шайлоого катышкан талапкерлерге жана саясий партияларга жалпы 4 560,0 миң сом кайтарылып берилген, республикалык бюджеттин кирешесине жалпы 2 351,0 миң сом которулган, жыл аягына калдыгы 2 069,0 миң сомду түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата күрөө суммасынын калдыгы 2 069,0 миң сомду түзгөн, 2024-жылдары шайлоо күрөөсү катары БШКнын депозиттик эсебине жалпы 12 300,0 миң сом келип түшкөн, депутаттарды шайлоого катышкан талапкерлерге жана саясий партияларга жалпы 6 720,0 миң сом кайтарылып берилген, республикалык бюджеттин кирешесине жалпы 5 510,0 миң сом которулган, 2024-жылдын 31-декабрына карата күрөө суммасынын калдыгы 2139,0 миң сомду түзгөн.

Аудит жүрүшүндө 2025-жылдын 27-майындагы №3441 төлөө тапшырмасы менен 2 139,0 миң сом шайлоо күрөөсүнүн калдыгы републикалык бюджеттин кирешесине которулду.

**Сунуштама:** “КР Президентин жана КР Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” конституциялык Мыйзамына жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР мыйзамына ылайык шайлоочулардын добуштарынын белгиленген босогосунан өтпөгөн талапкерлердин күрөө суммаларынын калдыктары өз учурунда республикалык бюджетке которуу жагы көзөмөлдөнсүн.

**Аныкталды жана корутунду 12:** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (сатып алуучу) менен Корея Республикасынын “MIRU SYSTEMS CO., LTD” компаниясы (сатуучу) ортосунда “Шайлоо жабдууларын жеткирүү, шайлону электрондук башкаруу жана киберкоопсуздук системаларынын программалык-аппараттык комплексин жаңыртуу жана өркүндөтүү” 2024-жылдын 15-июлундагы №116 келишими түзүлгөн.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан келишимде көрсөтүлгөн шайлоо жабдууларын жана программалык-комплекстерин Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген учурда “Манас” бажы кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын бажы кодексине ылайык 2024-жылы жалпы 142 955,1 миң сомго, анын ичинен кошумча нарк салыгына жалпы 134 728,7 миң сом жана бажылык тариздөөлөргө жалпы 8 226,4 миң сом төлөмдөрү эсептелген. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан 2024-жылы жалпы 144 119,2 миң сом, анын ичинен кошумча нарк салыгына жалпы 135 018,0 миң сом жана бажылык

тариздөөлөргө жалпы 9 101,2 миң сом төлөнгөн же жалпы 1 164,1 миң сомго ашыкча төлөнгөндүгү аныкталган, анын ичинен кошумча нарк салыгынан 289,3 миң сом жана бажылык тариздөөлөрдөн 874,8 миң сом.

Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы тарабынан ашыкча төлөнгөн жалпы **1 164,1** миң сомдун ичинен 295,2 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине өндүрүлгөн. Калдыгы 868,9 миң сом өндүрүлүүгө тийиш.

**Сунуштама:** “Манас” бажы кызматына ашыкча төлөнгөн жалпы **868,9 миң сом** республикалык бюджеттин кирешесине өндүрүлсүн.

**Дебитордук, кредитордук карыздарга жана эсепке берме суммалары.**

-2023-жылдын 1-январына карата кредитордук карызы 41 817,2 миң сом, ал эми дебитордук карызы 2 306,9 миң сомду түзгөн.

-2024-жылдын 1-январына карата кредитордук карызы 4 079,6 миң сом, ал эми дебитордук карызы 1 790,2 миң сомду түзгөн.

-2024-жылдын 31-декабрына карата кредитордук карызы 666842,0 миң сом, ал эми дебитордук карызы 1397,7 миң сомду түзгөн.

Аудит камтыган мезгил аралыгына карата жалпы иш сапар чыгымдарына 16 709,1 миң сом, анын ичинен 2023-жылы 7 554,6 миң сом, 2024-жылы 9 154,5 миң сом сарпталган.

Аудит камтыган мезгил аралыгына карата жалпы 1 938,0 миң сомго эсепке берме адамдарга берилген, анын ичинен 2023-жылы 778,0 миң сом (аппарат 100,0 миң сом, шайлоо 678,0 миң сом), 2024-жылы 1 160,0 миң сом (аппарат 10,0 миң сом, шайлоо 1 150,0 миң сом).

**Аныкталды жана корутунду 13:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-б жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансалык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бекитүү жөнүндө” буйруктары менен бекитилген жоболордун 305-пункттарынын талаптары так аткарылбай Баткен АШКнын төрөгасы Б.Т.Айтбаевга 2023-жылы 11,6 миң сом отчеттук эсепке берилген, бирок тастыктоочу иш кагаздары жана аванстык отчеттору өз учурунда берилбей аудитке көрсөтө алган жок. Жогорудагы **11,6 миң сом** Б.Т.Айтбаев тарабынан 2025-жылдын 27-майындагы №2894/RCAS/15 накталай төлөө квитанциясы менен республикалык бюджеттин кирешесине которулду.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталбай бюджеттик каражаттар иш сапар чыгымдарына тастыктоочу иш кагаздары жок ашыкча жалпы 4,9 миң сом берилген, Алар Ноокат АШКнын бухгалтерине 3050 сом, Баткен АШКнын төрөгасына 900 сом, Баткен АШКнын атайын өкүлүнө 900 сом. Аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 27-майындагы №346700001 накталай төлөө квитанциясы менен 900 сом, 2025-жылдын 27-майындагы №2894/RCAS/16 накталай төлөө квитанциясы менен 900 сом, 2025-жылдын 27-

майындагы №4510/RCAS/5 накталай төлөө квитанциясы менен **3,1 миң сом** республикалык бюджеттин кирешесине которулду.

**Аныкталды жана корутунду 14:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" 2008-жылдын 26-августундагы №471 токтомунун жана шайлоого байкоочу катары катышуу келүү негизинде Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын кызматкерлери, жана Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын чегинен сыртка командировкаларга жиберилишкен. 2023-жыл ичинде чакыруучу тараптан референдумга, ошондой эле шайлоого байкоочу катары катышуу жөнүндө 17 кат келген. Каржылоо маселеси чакыруучу тараптан жана БШКнын эсебинен каралган. Бирок, берилген маалыматтар боюнча аудиттин жүрүшүндө суткалык (тамак-аш) чакыруучу тараптын эсебинен жабылгандыгына карабастан суткалык чыгымдарды БШК тарабынан төлөнгөндүгү аныкталган. Алсак, 2023-жылы БШКнын кызматкерлерине, ошондой эле мүчөлөрүнө 241,6 миң сом өлчөмүндө суткалык акы төлөнгөн. Ушундай көрүнүштөр 2024-жыл ичинде дагы кайталанган. 2024-жыл ичинде чакыруучу тараптан референдумга, ошондой эле шайлоого байкоочу катары катышуу жөнүндө 14 кат келген. Каржылоо маселеси чакыруучу тараптан жана БШКнын эсебинен каржыланган. Бирок, берилген маалыматтар боюнча аудиттин жүрүшүндө суткалык (тамак-аш) чакыруучу тараптын эсебинен жабылгандыгына карабастан суткалык чыгымдарды БШК тарабынан төлөнгөндүгү аныкталган. Алсак, 2024-жылы БШКнын кызматкерлерине, ошондой эле мүчөлөрүнө 439,8 миң сом өлчөмүндө суткалык акы төлөнгөн.

2023-2024-жылдар ичинде суткалык чыгымдарды БШК тарабынан жалпы **681,4 миң сом** өлчөмүндөгү каражат төлөнгөн.

**Сунуштама:**

2023-2024-жылдарга чет өлкөлүк иш сапарларга төлөнгөн 681,4 миң сом суткалык (тамак-аш) чыгымдарды кайтарып алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн жана өндүрүлсүн.

### КР Борбордук шайлоо комиссиясынын Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору

**Аныкталды жана корутунду 15:** Жарандык билим берүү жана шайлоо техналогиялары борборунун балансында 2024-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча негизги каражаттарда баштапкы баланстык баасы 314,9 миң сом деп белгиленген.

Жарандык билим берүү жана шайлоо техналогиялары борборунун балансында 2024-жылдын 31-декабрына абал боюнча машина жана жабдуулар 3112-беренесинде 2 жеңил автоунаасы негизги каражаттар катары көрсөтүлгөн эмес бул менен Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобону

бекитүү жөнүндө" буйругу менен бекитилген жобонун талаптары сакталган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө 2 жеңил автоунаалары жалпы баштапкы баласттык баасы **1 507,0 миң сомго** негизги каражат катары бухгалтерди эсепке кириштелди. (бухгалтердик жүгүртмө тиркелет).

Мындан тышкары, жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борбору БШКнын ведомствалык бөлүмү болгондуктан КР Кабминдин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтомунда белгиленген кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналардын санынын лимити 1 (бир) нөөмөттүк автомашина каралган. Тактап айтканда мекемеде кызматкерлердин саны 1 ден 50 чейин болсо 1 гана нөөмөттүк автоунаасы каралган, жыйынтыгында Жарандык билим берүү жана шайлоо технологиялары борборунда 1 (бир) жеңил автоунаасы ашыктыгы аныкталган, Тойота Ленд Крузер маркасындагы, мамлекеттик номери 7933 ВВ кеткен чыгымдары жалпы 200,6 миң сом, анын ичинен 2023-жылы 88,4 миң сом, 2024-жылы 112,2 миң сом жана Тойота Ленд Крузер маркасындагы, мамлекеттик номери 7932 ВВ, кеткен чыгымдары жалпы 101,3 миң сом, анын ичинен 2023-жылы 31,9 миң сом, 2024-жылы 69,4 миң сом сарпталган.

**Сунуштама**:

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтомунда белгиленген кызматтык жана нөөмөттүк автомашиналардын санынын лимитине ылайык иш жүргүзүлүп, жетекчилик тарабынан көзөмөлгө алынсын.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.Б. Турдумалиевдин жетекчилиги астында мамлекеттик инспекторлор К.А. Абдыманапов жана Т.А. Анаркулов тарабынан жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **А.Б. Турдумалиев**